**Убактылуу Өкмөттүн чечиминен улам**

**Текшерүүлөрдүн саны эмес сапаты натыйжа берет**

**Убактылуу Өкмөттүн мүчөлөрүнө өтө оор жоопкерчилик жүктөлүп отурат. Анткени алар бир жагынан өлкөдөгү стабилдүү эмес кырдаалды жөнгө салуу аракеттери менен катар эле өткөн бийликтен мураска калган экономикалык проблемаларды чечүү көйгөйлөрү менен алпурушууда. Экинчи жагынан ошол стабилдүү эмес кырдаалга байланыштуу (ал мамлекеттердин расмий версиясы боюнча) кошуна мамлекеттер тарабынан коюлган экономикалык блокаданын кесепеттерин жоюу, үчүнчүдөн, өлкөдөгү революциядан кийинки бийликти легитимдештирүү аракеттерин аракетин көрүүдө.**

Мына ушундай учурда экономикага өзгөчө мамиле жасоо менен аны турукташтыруу жеңилге турган жок. Убактылуу Өкмөттүн 13-майда кабыл алган “Ишкердик субъектилерине текшерүү жүргүзүүгө укуктуу укук коргоо, салык жана башка ыйгарым укуктуу органдар тарабынан жүргүзүлүүчү текшерүүлөрдү чектөө жөнүндө” декрети экономиканы турукташтырууда чоң роль ойношу мүмкүн. Ага ылайык, быйылкы жылдын 31-декабрына чейин чарба жүргүзүүчү субъекттерге текшерүү жүргүзүүгө укуктуу органдар тарабынан текшерүүлөрдү жүргүзүүгө мораторий киргизилүүдө. Эми текшерүүлөр кылмыш, административдик жана жарандык сот өндүрүшүнүн чектеринде, ишкердик субъекттеринин өздөрүнүн арыздары, башка өлкөлөрдүн мамлекеттик органдарынын суроо-талаптары, салыктарды жашыруунун документтер менен тастыкталган фактылары боюнча гана жүргүзүлмөкчү.

Мындан тышкары, милдеттүү же ыктыярдуу патентти сатып алуу жолу менен салык төлөөгө байланыштуу салык кызматынын текшерүүлөрү, адамдардын өмүрүнө жана ден соолугуна, жана курчап турган чөйрөгө коркунуч алып келген фактылар боюнча жеке жана юридикалык жактардын арыздары боюнча да текшерүүлөр жүргүзүлмөкчү.

Бул декрет боюнча Кыргыз фондулук биржасынын Пресс-клубу жана Өнүктүрүү саясат институту менен биргеликте өткөргөн пресс-сессияда, бир катар өкмөттүк структуралардын жетекчилери жана бизнестин өкүлдөрү массалык маалымат каражаттарына өздөрүнүн пикирлерин билдиришти.

Мисалы, экономикалык жөнгө салуу министринин милдетин аткаруучу Э. Үмөталиевдин пикири боюнча, Декрет ишкерлерди коргоого багытталган. Анткени көптөгөн ишкерлер мародерлордун аракеттеринен, чек аралардын жабылышынан жапа чегишүүдө, атүгүл, 2008-жылдагы дүйнөлүк финансы-экономикалык кризистин кесепеттери да толук жоюла элек. Мындай учурда мамлекеттин текшерүүлөрдү чектөө менен ишкерлерге колдоо көрсөтүшү абдан орундуу.

Апрель окуяларынан жабыр тарткан ишкерлерди текшерүүгө мораторий жарыяланды. Себеби, алар тарткан зыяндардын ордун толтуруу үчүн убакыт талап кылынат. Текшерүүлөргө жарыяланган мораторий ишкерлердин зыяндарынын ордун толтурууга өбөлгө түзө алат.

Экинчиден, декретке ылайык, пландаштырылган текшерүүлөрдүн жалпы саны 2009-жылдын ушундай мезгилине салыштырмалуу 70 пайызга азайтылмакчы.

Текшерүүлөрдүн мындай кескин кыскартылышы буга чейин болуп келгендей, аларга тартылган мамлекеттик органдардын текшерүү жүргүзүү же фискалдык органдардын таза эмес кызматкерлери үчүн өз чөнтөктөрүн кампайтуусу үчүн гана текшерүүлөрүн азайтмакчы. Ал текшерүүлөр бизнести жөнгө салуунун адилет жана натыйжалуу системасын түзүү үчүн да зарыл. Текшерилүүчү объектилердин тизмесин түзүү тартиби да объективдүү болуп, текшерүүчү органдын жетекчисинин же кызматкеринин каалоосуна көз каранды болбошу зарыл. Бул коррупциялык көрүнүштөрдүн азаюусуна өбөлгөтүзмөкчү.

Албетте, «текшерүүлөрдүн азайтылышы салыктарды төлөөнүн жыйынтыгына терс таасирин тийгизбейби?» деген суроо туулушу мүмкүн. Мына ушул суроо да ойлонтпой койбойт. Анткени, декретке ылайык, текшерүүлөрдүн 30 пайызы гана калтырылып жатпайбы.

Өзү да мурда бизнес-чөйрөнүн өкүлү болуп келген Э.Үмөталиев бул мораторийди өрт өчүрүү сыяктуу шашылыш чара болгону менен, ал бүгүнкү күндө биздин өлкөнүн алдында турган чоң иш-чаранын башталышы катары баса белгиледи. Буга чейин да көп жолу мамлекет бизнестин ишине кийлигишпеши керектиги боюнча чаралар көрүлүп келсе да, ал ырааттуу болгон эмес. Мамлекет кичи жана орто бизнес үчүн шарттарды түзүүсү жана алардын ишине минималдуу кийлигишүүсү керек. Алар үчүн атаандаштык чөйрөсүн түзүү зарыл.

Жогоруда айтылгандай, кооптонууга жооп кылып Э.Үмөталиев ишкердик чөйрөсүн өнүктүрүү үчүн министрлик эки чоң долбоорду баштоосу керек экендигин айтып өттү. Мурдагы “Бизнес жасоо” рейтингинин ийгиликтери бар. Эми алдыда аны менен бирдикте “Экономикалык эркиндик” индексинин үстүнөн иштөө. Экинчи көмөкчү индекс – Дүйнөлүк Банктын “Мамлекеттик кийлигишүүсү” индекси. Алар мамлекет менен бизнестин мамилелерин оптималдаштырууга мүмкүндүк беришмекчи.

Экономикалык жөнгө салуу министринин ою боюнча, чек аралардын жабылышы бизди өз товарларыбыз үчүн бир гана рынокко багыт албастан, башка рыноктордy табуу аракеттерине түрткү берет. Импортто да, экспортто да көп тараптуу болгонго аракеттенүүбүз керек. Үчүнчүдөн, айрым айыл чарба продуктыларын кайра иштетүүнү көбөйтүүбүз зарыл.

Э.Үмөталиев министрликте өткөрүлүүчү тендердик комиссиялардын, вакансиялар боюнча комиссиялардын иштерине байкоочу катарында катышуу үчүн журналисттерди чакырып кетти. Бул аталган комиссиялардын иш-аракеттеринде коррупциялык көрүнүштөрдүн азаюусуна өбөлгө түзмөкчү.

Мамлекеттик салык кызматынын төрагасынын милдетин аткаруучу Адылбек Касымалиев ал жетектеген мекемеде эл аралык тажырыйбаларды эске алуу менен, салыктардын төлөнбөшүнүн тобокелчиликтерин аныктоо боюнча иш жүргүзүлүп жаткандыгын баса белгиледи. «Эми салыкчылар кайсы субъектини текшерүү керектигин өздөрү тандап алалышпайт, ал компьютер тарабынан аныкталмакчы» - деди А.Касымалиев.

Ал эми текшерүүлөрдүн кыскартылышы салыктардын жалпы суммасына таасир тийгизбейт. Ал, бул тастыктоосуна далил катары 2007-жылы 16 миң 743 текшерүү жүргүзүлүп, 532 миллион сомдук салык жашыруулар табылса, 2008-жылы бул көрсөткүчтөр тиешелүү түрдө 9 миң 814 жана 530 миллион сом, 2009-жылы 9 миң 179 жана 1 миллиард 731 миллион сом болгондугун мисал катары келтирди.

Салык консультанттары палатасынын төрайымы Татьяна Кимдин пикири боюнча, ак ниет салык төлөөчүлөрдү текшерүүнүн зарылдыгы жок. Аларда

кандайдыр бир техникалык катачылыктар эле болушу мүмкүн. Бул салыктарды чогултуунун көбөйтүү максатына жетүүгө мүмкүндүк бербейт. Бүгүнкү күндө өлкөнүн бюджетин колдоп жатышкан ак ниет салык төлөөчүлөр бардык салыктардын төлөнүшүнө өздөрү кызыкдар.

Бишкек ишкер клубунун төрайымы, "Сенти" финансы компаниясынын директору Нелли Симонованын пикири боюнча, салык төлөбөгөндөрдүн тизмелерин массалык маалымат каражаттарында жарыялоодон натыйжа болмокчу. Бир да ишкер жаманатты болууну каалабайт. Мораторий, ак ниет салык төлөөчү үчүн керек болбосо да, бул – бизнести колдоо үчүн кадам болмокчу.

Негизсиз текшерүүлөрдү азайтууда прокуратура органдарынын ролу учурда чоң. Анткени аларда катталмайынча, бир дагы текшерүүчү орган ишкердиктин субъектилерин текшере албайт.

Жыйынтыктап айта кетсем, биздеги коррупциянын жогору болгондугунан улам, бизнес-чөйрөнүн көптөгөн өкүлдөрүндө "салыктарды төлөп, тынч уктоонун" ордуна, салыкчылар менен келишип алып, алардын "үлүшүн" берип, "тынч уктаганды" туура көрүп келишкен. Эми Убактылуу Өкмөт бизнес-чөйрө менен мамилелерди мыйзам чегинде жүргүзүү аракетин көрүп жатканда, алар мындай "принциптен" баш тартыша алышаар бекен?

**Мырзакат ТЫНАЛИЕВ,**
**"Кыргыз Туусу"**